| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА |
| --- | --- | --- |
| ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>БОО-ТЕРЕК АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН<br>БОО-ТЕРЕК АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ | | ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>БОО-ТЕРЕКСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>БОО-ТЕРЕКСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА |

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**5.12.2022-ж. №1.** **Боо-Терек айылы.**

**Боо-Терек айылынын көчөлөрүн тазалыгын ирээтке келтирүү жөнүндө**

Боо-Терек айылдык Кеңешинин XXXII чакырылышындагы XIX сессиясы айылдын көчөлөрүнүн тазалыгын ирээтке келтирүү боюнча сунуштарды угуп, талкуулап

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кыргыз Республикасынын Укук Бузуулар кодексинин 115-беренесин жетекчиликке алып, Боо-Терек айылынын көчөлөрүнүн тазалыгын ирээтке келтирүү боюнча иштер ар убакытта жүргүзүлсүн.
2. Пилоттук түрдө таштандыларды белгиленбеген жерлерге таштаган жарандарга чара көрүү иш-аракеттер Боо-Терек айылынын борбордук Ч. Сатаев көчөсүнөн башталсын. Жыйынтыгы менен айылдын ички көчөлөрү ирээтке келтирилсин.
3. Боо-Терек айыл өкмөтүнүн кызматкерлери түшүндүрүү иштерин жүргүзсүн. Түшүндүрүү иштери Тиркемеге ылайык жүргүзүлсүн. Аткарылган иштер боюнча маалыматтар ай сайын айылдык Кеңештин депутаттардын төрагасына берилип турсун.
4. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы Боо-Терек айыл өкмөтүнүн башчысына жүктөлсүн.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам.

**Төрага** **А. Мамыралиев**

Боо-Терек айылынын Ч. Сатаев

көчөсүнүн № ______ үйүнүн тургуну

____________________________________

____________________________________

____ . ____. 2022-жыл.

№ 01-33/________

# Эскертүү!

Боо-Терек айылынын «Ч. Сатаев» атындагы көчөсү «Чынгыз Айтматов» атындагы Тараз-Талас-Суусамыр трассасында жайгашкандыктан жогоруда аты аталган көчөнүн тургунуна, **Сизге төмөндөгүлөрдү эскертебиз:**

**1.** «Ч. Сатаев» көчөсүндө жайгашкан турак-жай үйлөрдүн эшигинин алдына (тосмо заборунан асфальт жолго чейин же айыл өкмөтүнө тиешелүү муниципалдык жерине), оор жүк ташуучу автоунаа (автомашина жана тракторлор) менен таш, шагыл (гравий), топурак, кирпич, терек, дөңгөч, чөп, бакал, көң, кый жана ушул сыяктуу элге керектелинүүчү нерселерди төгүүгө же түшүрүүгө, «Ч. Сатаев» көчөсүнүн трактор ээлерине прицептерин, жер айдоочу кошторун, малаларын, фургондорун жана сеялка культиваторлорун көчөгө коюуга тыюу салабыз.

**2.** «Ч. Сатаев» көчөсүнүн жашоочулары, турак-жай үйлөрүнүн эшигинин алдындагы, тосмо заборунан асфальт жолго чейинки жерлердин таштандыларын терип, чөп, куурай, тикендерин чаап оруп тазалап, көчөнү таза кармоону талап кылабыз.

**3.** Таштандыларды, Кыргызстан айылы менен Боо-Терек айылынын чектешкен дөңсөдөгү жаңы мүрзөнүн үстүндөгү (түштүк тарабындагы) таштандыларды таштоочу карьерге алып барып төгүүнүздөрдү талап кылабыз.

***Үйдөн чыккан таштандыларды (мусорлорду) таштандыларды таштоочу жайга (мусорный карьер свалкага) алып барып таштабай эле, таштандыларды үйдөн чыгарбай, сорттоп жок кылса болот.***
***Жок кылуу жолун төмөндөгүдөй көргөзөбүз:***

- ✓ *Суусундук, өсүмдүк майларын же башка суюктуктар куюлуучу желим бөтөлкө идиштери (баклажкалар), медициналык желим ар кандай шприцтер жана ошондой эле ар кандай резинка, пластик, пластмасса же линолеумдардын кесинди калдыктары - булар жердин астында 150 жылда да чирибейт жана жердин кыртышын бузуп рак, эрозия оорусуна алып келет.*

- ✓ *Целлофан, клеёнка жана ар кандай пакеттер – булар да жердин астында 50 жылда да чирибейт жана ошондой эле жердин кыртышын бузуп рак, эрозия оорусуна алып барат.*

*Бул жогоруда аталган күйүүчү таштанды (мусор), материалдарын үйдөгү мешке (печкага) же үйдөгү мончонун мешине (печкасына) өрттөп, жагып жок кылса болот. Эгер үйдөгү печканын мору толуп калат десеңиз, анда сырткы кемегеге өрттөп, күйгүзүп жок кыла алаласыз.*

- ✓ *Томат пасталары менен өсүмдүк майларынын бош тункаларын жана бош балык консерваларын, ошондой эле красканын бош темир банкаларын жана ошондой эле ар кандай темир материалдарды уруп жалпайтып алма-бактын жанына көмуп, жер семирткич катары колдонсо болот.*

- ✓ *Ар кандай бош (ичинде тамак-ашы жок) сынык айнек идиштерин жана күйүп калган электр лампочкаларын үйдөгү ажаатканага (туалетке) таштап жок кылса болот.*

- ✓ *Бардык түрдөгү жашылча-жемиштердин калдыктарын, үйдөгү огороддун ылайыктуу бир жерине жарым метр чункур казып, таштап жок кылса болот. Чиригенден кийин жер семирткич катары пайдаланса болот.*

- ✓ *Үйдөгү огороддогу алма-бактардын жанына малдын сөөк калдыктарын көмүп жер семирткич катары иштетсе болот.*

- ✓ *Көмүр, көң жана чыгач отундарынан чыккан бардык түрдөгү күл калдыктарын электен өткөрүп, огород жана үлүш жерлерге төгүп жер семирткич катары колдонсо болот. Электен өтпөй калган бардык түрдөгү күл калдыктарын үйдүн чатырындагы потолоктун үстүн жылулоочу керамзит катары пайдаланса болот.*

- ✓ *Ар кандай шиферлердин, пескоблоктордун же кирпичтердин сыныктарын жана башка ушу сыяктуу катуу түрдөгү материалдарды көчөдөгү чункур жерлерге майдалап, сындырып төгүп толтуруп жолдорду оңдоп койсо болот.*

***Эскертүү:*** ***<u>Таштандыларды таштоочу жайлардан (мусорный карьер свалкалардан) ар кандай жугуштуу (инфекционный) оорулар чыгып кетиши толук ыктымал</u>.***

**4.** Оор жүк ташуучу автоунаа ээлеринен жана «Ч. Сатаев» көчөсүндө жайгашкан турак-жай үйлөрдүн ээлеринен, мисалы: таш, шагыл (гравий), топурак, кирпич, терек, дөңгөч, чөп, бакал, көң, кый жана ушул сыяктуу нерселерди **короосунун ичине** төгүүнү жана киргизүүнү талап кылабыз.

**5.** «Ч. Сатаев» көчөсүнүн трактор жана автоунаа ээлерине прицептерин, фургондорун, комбайндарын жана сеялка культиваторлорун **короосунун ичине** киргизүүнү талап кылабыз.

**6.** Эскертүүнүн **1, 2, 3, 4, 5 пунктуна** баш ийбеген оор жүк ташуучу автоунаа ээлерине жана «Ч. Сатаев» көчөсүнүн жашоочуларына **5 500 (беш миң беш жүз) сом** өлчөмүндө, Кыргыз Республикаснын Укук бузуулар Кодексинин талаптарынын негизинде жана айылдык Кеңештин депутаттарынын чечиминин негизинде айып салынат.

***Жогоруда көрсөтүлгөн талаптарды үч күндүн ичинде аткарууну милдет кылабыз. Эшигиңердин алдын тазалоо үчүн бир сааттык убактынарды бөлүп койсоңуздар соопчулук иштерин аткарат элеңер.***

***<u>Тазалык - бул ыймандын жарымы. (Ыймандуу адам ар-кайсы жерлерге ар кандай таштандыларды таштай бербейт</u> ).***

**Айыл өкмөтүнүн башчысы:** **Буланбеков У.Э.**

***Урматтуу биздин жердешибиз! Эгер Сизге оордук болбосо, бул сунушту башкалар менен бөлүшүп коюңуз. Жаратканың берген жаратылыштын сакталып калынуусу Сиздин колуңузда!***